Божонов Замирбек Сабиржановичтин **«Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары» аттуу** темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине расмий оппоненти, педагогика илимдеринин кандидаты Нусупова Роза Сарыпбековнанын

## ПИКИРИ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Бүгүнкү күндө өлкөнүн саясий, экономикалык, социалдык жактан өнүгүүсү билим берүү тармагына болочок адистерди инсандык жактан калыптандыруу жаатында бир катар талаптарды коюуда. Коюлган талапка ылайык, ЖОЖдогу тарбиялык иштердин мазмунунда инсандын өзүн-өзү реализациялоосу, жаран катары өзүн-өзү аңдап-сезүүсүн өркүндөтүү үчүн тиешелүү шарттарды түзүү, социалдык жактан компетенттүү, гуманисттик идеяларга багыт алган, академиялык жактан мобилдүү, дүйнө таанымы жагынан кенен мүмкүнчүлүккө ээ болгон, өзүнүн жашоо сапатын өзгөртө алган инсанды калыптандыруу керек.

Жогорку окуу жайларында кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун жолдорунун илимий-методикалык деңгээлде чечилиши студенттерди инсандык жактан калыптандырууга өбөлгө түзө турганы шексиз. Бул багытта диссертанттын жогорку окуу жайларында студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруу маселесине кайрылышы учурдун талабына жооп берет жана актуалдуу.

**Диссертацияда берилген илимий жоболордун, корутундулардын жана сунуштардын негизделүү даражасы.**

Диссертациялык иште коргоого 4 жобо коюлуп, негизделген.

- ЖОЖдордо кураторлук ишмердүүлүктүн студенттерди инсандык жактан калыптандырууга карата психологиялык жана педагогикалык адабияттарда изилденишинин абалы анализденген;

- Окуу-тарбия процессинде кураторлук ишмердүүлүктү уюштуруунун принциптери, функциялары жана негизги талаптары аныкталган;

- Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде алардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн каражаттары, формалары, методдору жана технологиялары аныкталган;

- Кураторлук ишмердүүлүктүн окуу-тарбия процессинде студенттерди инсандык жактан калыптандыруусунун модели иштелип чыгып, анын эффективдүүлүгүн педагогикалык экспериментте текшерилген.

**Диссертациялык иштин илимий жана практикалык маанилүүлүгү** Жогорку окуу жайларында студенттердин инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлук институттун теориялык-методологиялык негиздеринин аныкталышы, кураторлордун ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары, функцияларынын, принциптеринин аныкталышы, окуу-тарбия процессинин түрдүү баскычтарында студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүнүн формалары, илимий жактан негиздеген.

Илимий иште изденүүчү философия, социология, педагогика, психология жана башка илимдер тармагында изилденген инсандын психологиясы, инсан теориясы, инсандын өзүн-өзү реализациялоо теориясы, кураторлук институттардын ишмердүүлүктөрү багытындагы изилдөөлөрдөн келип чыккан теориялык жоболорго таянган.

Изилдөөчү бүгүнкү күндөгү социалдык-экономикалык талаптардын негизинде студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлук институттун изилденишинин теориялык жана методологиялык негиздерин талдап, кураторлук институттун калыптануу жана өнүгүү этаптарын изилдеген.

Диссертацияда коюлган илимий жоболордун, алынган жыйынтыктардын жана сунуштардын негиздүүлүк даражасы эксперимент аркылуу анализдөө менен камсыздалган.

Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү:

Изилдөөнүн материалдары, жыйынтыктары менен түзүлгөн кураторлук ишмердүүлүктү уюштуруунун моделин, иш планын, усулдук колдонмолорду, кураторлук журалды, "Студенттин жекече мүнөздөмөлөрүнүн картасын" ЖОЖдордо кураторлор, студенттик өзүн-өзү башкаруу уюмдары, академиялык группаларда, жатаканаларда тарбиялык иштерди уюштурууда пайдаланууга болот.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы жана талкуулануу деңгээлин** диссертанттын жарыяланган 14 илимий макаласы, изилдөө ишинде колдонгон методдору, педагогикалык эксперименттин жыйынтыгы, алардын эл аралык жана республикалык конференцияларда кеңири талкууланышы тастыктайт. Мисалга алсак, изилдөөдө алынган натыйжалар Ош мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын (2008, 2010, 2012), жаштар комитетинин жана жатаканалар кеңешинин (2009, 2012) отурумдарында талкууланган; республикалык жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференцияларда (Ош: 2009, 2012, 2013; Бишкек: 2011) илимий билдирүүлөр жасалган жана илимий-методикалык макалалар "Билим жана тарбия" (2012), «Наука и новые технологии» (2013), "Вестник Иссык-Кульского университета" (2013), «ОшМУ жарчысы» (2013), И.Жансугуров атындагы Жети-Суу мамлекеттик университети Казак Республикасы (Талды-Коргон, 2014), Известия Кыргызской академии образования (Бишкек, 2014), Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук (Москва, 2016) илимий журналдарында жарык көргөн.

Диссертациялык иштин мазмуну жана структурасы:

Диссертациялык изилдөөнүн биринчи главасы **"Жогорку окуу жайларындагы кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери"** деп аталып студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлук институттун теориялык жана методологиялык жактан изилденишинин учурдагы абалына анализ жасалып,

окуу-тарбия процессинин түрдүү баскычтарында куратордук ишмердүүлүктүн принциптери, функциялары жана талаптары аныкталган.

Илимий адабияттардагы "куратор" түшүнүгүн ар түрдүү аспектиде талдап, кеңири спектрдеги илимий-методикалык адабияттарга таянып, анализ жүргүзгөн (колдонулган адабияттардын жалпы тизмеси-168).

Диссертациялык иштин экинчи главасы **"Кураторлордун студенттик группалардагы тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары"** - деп аталып, мында кураторлук ишмердүүлүктүн негизги максаттары жана принциптери берилген жана студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун ишмердүүлүгүн уюштуруунун модели сунушталган.

Ал эми диссертациянын үчүнчү главасы "Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде куратордун ишмердүүлүгүнүн натыйжалары жана аны педагогикалык экспериментте текшерүү" – деп аталып, студенттерди тарбиялоодо жана алардын өзүн-өзү тарбиялоосунда кураторлордун ролу жана педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары берилген.

Диссертациялык иштин структурасы илимий изилдөөнүн логикасына туура келип, коюлган максатын толук аныктайт.

Божонов Замирбек Сабиржановичтин **«Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары»** аттуу темадагы диссертациялык ишинин татыктуу жактарын белгилөө менен бирге айрым сын-пикирлерди, сунуштарды да айтууга болот:

1. Диссертациялык иште кураторлордун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун ачып көрсөтүү максатында ар бир курста студенттин инсандык жактан калыптануусуна байкоо жүргүзүлүп, анализ жасалса, ЖОЖдордогу куратордук иштин маанилүүгү дагы бир ирет ачык айкын көрүнүп, тастыкталмак.

2. Диссертациялык иштеги айрым маалыматтар мисалы, адептүүлүктүн оң жана терс сапаттары боюнча өзүн-өзү баалоо тесттеринин жыйынтыгы таблицага киргизилсе, ыраттуу, тыкан болмок.

Жогорудагы мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин жалпы оң баасына доо кетирбейт жана аларды четтетүүгө болот.

Изденүүчү Божонов Замирбек Сабиржановичтин **«Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары»** аттуу темадагы диссертациялык изилдөөсү педагогика илимине белгилүү салым кошуучу толук бүткөн илимий эмгек деп эсептейм.

Изденүүчү Божонов Замирбек Сабиржановичтин **«Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары»** аттуу темадагы темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши КРнын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобого» ылайык кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга жооп берет жана анын автору 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты деген наамды ыйгарууга татыктуу.

Расмий оппонент, педагогика
илимидерини кандидаты Нусупова Р.С.

П.и.к. Р.С. Нусупованын кол тамгасын тастыктаймын
А. Дж. Доронова А.Д.

Диссертациялык кеңешке
6.07.2018-ж. келип түштү.
Окумуштуу катчы: Байзаков А.Э.